| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br><br>БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br><br>БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

## БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ

### ТОКТОМ №21

25-ноябрь 2025-жыл Октябрь айылы

**Багыш айыл аймагындагы жер аянттарынын категориясын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жер кодексинин” 21-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесин негиздеп, Багыш айыл өкмөтүнүн башчысынын 2025-жылдын 08-августундагы №01-15/236 сандуу «Багыш айыл аймагындагы Жыгач-Коргон айылынын түндүк тарабынан №204,203,213 контурларынан “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясындагы 1,4 гектар жер аянты, №25,2,30,11,12,32,31 контурундагы “Суу фондусунун жерлери” категориясындагы 8,69 гектар жер аянтына, жалпы 10,09 гектар жер аянттарын “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына күн панелин коюуга өзгөртүүгө (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө» кайрылууларын жана Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап, Багыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын XIII сессиясы **токтом кылат:**

1.Багыш айыл аймагындагы Жыгач-Коргон айылынын түндүк тарабынан №204,202,213 контурларынан “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясындагы 1,4 гектар жер аянты, №25,2,30,11,12,32,31 контурундагы “Суу фондусунун жерлери” категориясындагы 8,69 гектар жер аянты, жалпы 10,09 гектар жер аянтын күн панелин коюуга “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына өзгөртүүгө (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Түгөйбеков Нурсултанга милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.Сейдахматовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан Жалал-Абад областык юстиция органдарынан каттоодон өткөндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**